DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2023

*Курбанова Н.У., Аманбеков Н.А.*

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖЕКЕ МЕКТЕПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИ

*Курбанова Н.У., Аманбеков Н.А.*

## ЧАСТНЫЕ ШКОЛЬНЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ УЧРЕЖДЕНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*N. Kurbanova, N. Amanbekov*

## PRIVATE SCHOOL EDUCATIONAL INSTITUTIONS IN KYRGYZSTAN

*УДК: 37.34 (575.2)*

*Бул макалада авторлор, эгемендүүлүк шарттарында өнүгө баштаган биздин мамлекеттин башка мамлекеттер менен болгон өз ара алакалары билим берүү мейкиндигиндеги мүмкүнчүлүктөрүн кенейттүүгө түрткү болгонун белгилешен. Эл аралык байланыштардын негизинде эн алгачкыларынан болуп учурдагы «Сапат», «Айчүрөк» лицейлери негизделип, бүгүнкү күндө биздин өлкөбүздө алардын саны 50 жеткенин тастыкташкан. Авторлордун пикири боюнча Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын эл аралык масштабдагы мектептерди ачууга укуктук мүмкүндүк берет. Макалада, Кыргызстанда жалпысынан 187 жеке менчик мектеп иш алып баруусун, алардын, ата мекендик мектептерден өзгөчөлүктөрү белгиленген. Авторлор тарабынан ар беш жыл сайын жеке менчик мектептер жана алардын мугалимдери Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аккредитациядан өтүшөөрү жана министрлиги тарабынан бекитилген программалар боюнча окуу процессин жүргүзүшүп, ошол эле учурда кошумча комплекстүү билим берүү программаларын дагы колдонуларын белгилешкен. Бүтүрүүчүлөр Кыргызстан мамлекетинин үлгүсүндөгү аттестат алышары, ал эми кээ бирлери америкалык же Оксфорд эл аралык мектептеринин сертификаттары берилерин талдашкан. Жеке мектеп билим берүү мекемелеринин окуу-тарбия иштеринде, кошумча комплекстүү программаларында Кыргызстан мамлекетинин өзгөчөлүктөрүн, улуттун менталитетин, каада-салттарын, руханий-психологиялык өзгөчөлүктөрүн окуутуу артыкчылыктуу багыттарынан болушу керектиги белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, коом, мектеп, билим берүү, мекеме, жеке, коопсуздук.*

*В этой статье авторы отмечают, что взаимодействие нашего государства с другими странами, которое начало развиваться в условиях независимости, способствовало расширению его возможностей в образовательном пространстве. На основе международных связей одними из первых были основаны ныне функционирующие лицеи «Сапат», «Айчурөк», и сегодня их количество в нашей стране достигло 50. По мнению авторов, Конституция и законы суверенной Кыргызской Республики предоставляют правовые возможности для открытия школ международного масштаба. На основании этих возможностей в настоящее время в Кыргызстане функционируют в общей сложности 187 частных школ, которые отличаются от отечественных школ. Авторы отметили, что каждые пять лет частные школы и их преподаватели аккредитуются Министерством образования и науки и осуществляют процесс обучения по программам, утвержденным министерством, при этом они также используют комплексные образовательные программы. Указано, о том, что выпускники получают аттестаты отечественного государственного образца, а некоторые – сертификаты американской или Оксфордской международной школ. Отмечено, что, в учебно-воспитательной работе, дополнительных комплексных программах частных школьных образовательных учреждений приоритетным направлением должно быть изучение особенностей кыргызского государства, менталитета, традиций, духовно-психологических особенностей нации.*

***Ключевые слова:*** *государство, общество, школа, образование, учреждение, частное, безопасность.*

*In this article, the authors note that the interaction of our state with other countries, which began to develop under conditions of independence, contributed to the expansion of its capabilities in the educational space. On the basis of international relations, the currently functioning lyceums "Sapat" and "Aichurok" were among the first to be founded, and today their number in our country has reached 50. According to the authors, the Constitution and laws of the sovereign Kyrgyz Republic provide legal opportunities for opening schools of international scale. Based on these opportunities, there are currently a total of 187 private schools operating in Kyrgyzstan, which are different from domestic schools. The authors noted that every five years, private schools and their teachers are accredited by the Ministry of Education and Science and carry out the educational process according to programs approved by the ministry, while they also use comprehensive educational programs. It is indicated that graduates receive certificates of the domestic state standard, and some receive certificates from an American or Oxford International School. It was noted that in educational work, additional comprehensive programs of private school educational institutions, the priority should be the study of the characteristics of the Kyrgyz state, mentality, traditions, spiritual and psychological characteristics of the nation.*

***Key words:*** *state, society, school, education, institution, private, security.*

Кыргызстанда эгемендүүлүккө ээ болгонго чейинки билим берүү системасында болбогон билим берүүнүн мамлекеттик эмес тутуму пайда болду. Бул болсо өз кезегинде мектептик билим берүү жаатында укуктук-ченемдик базаны кайрадан карап, түзүп чыгуу зарылчылыгын жаратты. Ушул жагдайларды эске алуу менен билим берүү системасын, анын ичинен мектептик билим берүүнүн жакшыртууга жана рынок экономикасына ылайык реформалоо маселеси мамлекеттик деңгээлде чечилишин талап кылды [1, 206-б.].

Ар бир мамлекет мезгилине, саясий, социалдык-экономикалык шарттарына тектеш болгон мүмкүнчүлүктөрдү колдоноору шексиз. Ошол эле учурда,

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар бир коом кызыкчылыктарды калыптандырып, ага топ келген адеп-ахлактык баалуулуктарды, билим деңгээлин талап кылат. Эгемендүүлүк шарттарында өнүгө баштаган биздин мамлекеттин башка мамлекеттер менен болгон өз ара алакалары билим берүү мейкиндигиндеги мүмкүнчүлүктөрүн кеңейттүүгө түрткү болгон.

Эл аралык байланыштардын негизинде эң алгачкыларынан болуп Түркия Республикасынын Эл агартуу министрлигинин макулдашуусунун негизинде 1992-жылдын 9-сентябры Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн №447 токтомунун негизинде кыргыз-түрк “Себат”, эркек балдар, “Анадолу”, учурдагы кыздар лицейи негизделген. Учурдагы бирдиктүү тутумундагы “Айчүрок”, “Умүт”, жана башка мектептерин айта кетсек болот. Баарыбызга массалык-маалымат каражаттарынан маалым болгондой Түрк дүйнөсүн изилдөө фондунун маанилүү максаттарынан бири болуп билим берүү тармагы аркылуу түрк цивилизациясын дүйнөгө таанууту болуп эсептелет [2]. Өзгөчө башталгыч жана орто билим берүү, системасында окуучулар арасында Туркиянын түрк элдеринин “түркүгү” идеясын калыптандыруу жана Түркиянын жетишкендиктерин,тарыхын, маданиятын башка мамлекеттерге таратууну көздөшөт. Учурда, Кыргызстанда 50гө жакын мектеп «Себат» мекемесине карайт, мындай мектептер ар бир облуста бар. Окуу акысы студенттин жашаган жеринин мектептен алыстыгына жараша болот жана 2000 доллардан 3500 долларга чейин аныкталган. Бүтүрүүчүлөр Кыргызстан мамлекетинин үлгүсүндөгү аттестат алышат. Кыргызстанда учурда коомчулук тарабынан болгон бир топ нараазычылыктардан кийин Өкмөт тарабынан “Себат” мектептерин жабуу чечими кабыл алынган, бирок учурда, бул мектептер “Сапат” билим берүү мекемеси катары иш улантууда. Эл аралык «Сапат» билим берүү мекемеси Кыргызстандын бардык аймактарында филиалдары бар жеке менчик жалпы билим берүүчү мекеме болуп саналат. 1992-жылдан бери «Сапат» билим берүүчү мекеме окуучуларга ыңгайлуу шарттарды түзүп, алардын потенциалын ачууга жардам берип келет. Кыргызстандагы кыргыз-түрк лицейлери мезгилдин агымынан артта калбай, билим берүүнүн дүйнөлүк стандартына ылайык алгылыктуу иштерди жүргүзүп жатышат. Алар Кыргызстандагы орто мектептердин жалпы билим берүү системасынан кескин айырмаланган өнүттө жаштарды тарбиялоого кам көрүп келишет.

Жеке менчик билим берүү мекемелери окутуунун алдыңкы ыкмаларын колдонуу аркылуу окуучулардын билимин дүйнөлүк деңгээлге көтөрүү максатында «Себат» билим берүү мекемесинин ишмердүүлүгү мамлекетибизде башка билим берүү мекемелеринин негизделишине өбөлгө болду.

2003-жылдын 25-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамды кабыл алган [3]. Бул Мыйзам билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясатты, билим берүү уюмдарынын ишин, Кыргыз Республикасында билим алуунун жол-жоболорун белгилеп, аны жүзөгө ашыруунун укуктук базасын негиздеген.

Кыргызстандагы биринчи кыргыз-түрк лицейлерин ачуу менен жеке мектеп билим берүү мекемелеринин ачылышына түрткү болгон. Ошол эде учурда, рынок шарттары менен баамдалган экономикага өтүү, Кыргызстанда жаңы шарттар менен талаптанган кесип ээлерин даярдоо жалпы билим берүү системасын реформалоону, мезгилге тектеш болгон үлгүдөгү билим берүү ыкмаларына өтүү зарылчылыктарын жараткан.

Белгилей кетчү нерсе катары, биз мамлекеттик органдарда жана өлкөдө активдүү түрдө пайда боло баштаган эл аралык ишканаларда эмгектенүүгө мүмкүндүк берген чет тилдерин билген адистерди даярдоо муктаждыгы болгон, андыктан мектептен баштап көп тилдүүлүктү өнүктүрүү зарылчылыгын жараткан. Ошондуктан, өлкөдө мектептен баштап чет тилин тереңдетип үйрөткөн окуу мекемелерин өнүктүрүү максатты аныкталган. Жеке менчик мектептердин санын көбөйтүү үчүн Жогорку Кеңештин депутаттары салыктын төрт түрүн алып салуу, салыктарды алып салуу окуунун баасын төмөндөтүүгө жана мектептер ортосундагы атаандаштыкты күчөтүүгө жардам берет деген демилгесин көтөрүшкөн.

Жогорку Кеңештин депутаттары жеке мектептерди салыктын төрт түрүнөн сатуудан түшкөн салык, КНС, жер салыгы жана киреше салыгынан бошотууну сунушташкан. Жогорку Кеңеш жеке менчик мектептерди салыктан бошотуу боюнча мыйзам долбоорун биринчи окууда кабыл алган. Демилгечилер мындай жеңилдиктер билимге болгон бааны төмөндөтөт деп эсептешет [4, 38-б.].

Алардын пикири боюнча, жеке менчик мектептер биринчи көрүнгөндөй рентабелдүү эмес, окуу китептери, мугалимдер жамааты дайыма жаңыланып турушу керек. Алыскы жана жакынкы чет өлкөлөрдөн айлыктары жергиликтүү мугалимдердикинен эселеп көп мугалимдерди чакырышы керек, анткени, бул мектерде мугалимдердин көпчүлүгү чет өлкөлөрдөн келип иштешерин белгилешкен.

Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын эл аралык масштабдагы мектептерди ачууга укуктук мүмкүндүк берет. Ошол эде учурда, билим берүү көптөгөн чыгашаларды талап кылган узак мөөнөттүү инвестиция болуп саналаары барыбызга маалым. Бюджеттин тартыштыгынан улам кыргыз өкмөтү элдин билим алуу муктаждыгын канаатандыруу үчүн жеке менчик

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



билим берүү уюмдары жана чет элдик инвестициялардын билим берүү тармагына киришин стимулдаштыруу максатында “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамдын 4 - жана 49-беренелерине ылайык - Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерге жана фактыларга, адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациялык жана гуманисттик баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптерине негизделет. Ошондой эле «... билим берүү уюмдары... чет өлкөлүк жана эл аралык мекемелер ... уюмдар менен түз байланыштарды түзүүгө, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүү ... программаларын жүзөгө ашырууга ... укуктуу» [3, 4-29-бб.], - деп белгиленген.

Көпчүлүк жеке мектептер Бишкек, Ош шаарларында жана Чүй облусунда жайгашкан. «Абитуриент», «Алтын башат», «Илим», «Звездочка», «Приоритет», «Таалим», «Эврика» сыяктуу мектептерде окуу орус тилинде жүргүзүлөт. Бул жакта окуганы үчүн айына 10 миң сомдон 20 миң сомго чейин төлөшөт. Кээ бирлеринде тамак-аш төлөмгө кошулса, башкаларында тамак өзүнчө төлөнөт.

Бишкектеги эң кымбаты QSI эл аралык мектеби, анда окуу акысы 23.800 мин сомдон 800 долларга жетет. Кирүү акысы 300 долларды түзөт. Окутуу негизинде англис тилинде жүргүзүлөт, кошумча француз жана немис тилдерин берилет. Окуу орус же англис тилинде жүргүзүлөт. Окуу акысы: окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда окуу жылына $4,000. Улуу Британиянын окутуу стандарттары колдонулган англис тилдүү класстарда окуу жылына $13,000 төлөнөт. Бүтүрүүчүлөр америкалык сертификат алышат.

ESCA мектеби – Бишкек дагы эл аралык сертификат берет. Окуу акысы 9170 доллардан 14155 долларга чейин. Мектепке кирүү взносу 200 доллардан кем эмес. Окуучулардын билим деңгээлине жана социалдык абалына жараша окуу акысына жеңилдиктер системасы колдонулат [5].

Оксфорд мектебинде окутуунун жыйынтыгы боюнча эл аралык сертификат берет. Окуу акысысы билим берилген тилине жараша орус тилинде 4 миң доллар, англис тилинде 13 миң доллар турат. Мектепти аяктагандан кийин Оксфорд эл аралык мектебинин сертификаты берилет [5].

Silk Road мектебинде окутуу негизинен англис тилинде жүргүзүлөт. Баасы жылына 5600 долларды түзөт. Бүтүрүүчүлөр кыргыз үлгүсүндөгү аттестат алышат.

Бишкек шаарында кыздар үчүн гана окуучуларга окутуу орус жана кыргыз тилдеринде жүргүзүлүп, ал эми, араб тили тереңдетилип берилген Давха мектеби дагы өз иш алып барууда. Бул мектепте жылына окуу акысы 80 миң сомдон 2200 долларга чейин.

Жеке мектептерге эки окуу программасы бар, тандалган программага жараша окууну аяктагандан кийин эл аралык стандарттагы сертификаты же Кыргыз Республикасынын орто билим алгандыгын тастыктаган аттестаттар берилет.

Эл аралык Cambridge Silk Road эл аралык мектеби англис тилинде 12 жылдык билим берет. 9-класстан баштап окуучулар өздөрүнүн багытын тандашат. Окуунун жыйынтыгы боюнча эл аралык сертификат берилет. Бир класста 15тен ашык окуучу жок, алар эртең мененки саат 8ден 18:00гө чейин окушат, жылына 9 миң доллардан 11 миң долларга чейин акча төлөшөт [5].

Кыргыз-япон жеке мектеби Кыргызстандын жана Япониянын мыкты педагогикалык салттарынын духунда иш алып баруу менен студенттин инсандыгын максималдуу өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Бишкектеги жеке менчик мектептердин ичинен биздин мектеп бизди социалдык жоопкерчиликке жана тартиптүү болууга үйрөтүүсү менен айырмаланат. Тенсай мектеби балдардын жаратылышка болгон сүйүүсүн жана ага болгон камкор мамилесин, эмгекти сүйүүнү, улууларды, үй-бүлөнү жана досторду урматтоону тарбиялоонун кынтыксыз үлгүсү. Биздин окуу жайыбыз анын жашоодогу ийгиликтеринин келечегин ачып, Кыргызстандын, Япониянын жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн эң мыкты университеттерине эшигин ачат. Япон маданиятын сүйүү, толеранттуулук жаңы рационалдуулук принцибине таянаарын эске алуу менен япон маданиятын эл аралык деңгээлде кабыл алышына аракет кылышат. Япон дүйнөсүн жалпы тарыхын, тилин жана адабиятын, маданиятын камтыган иш чаралардын арбындыгы, буга мисал катары социалдык тармактагы 2-март күнү биздин балдар үчүн Кыргыз-Япон Адам өнүктүрүү борбору 3-март - Хина Мацуриге (кыздар майрамына) арналган шабдалы гүлү күнүн өткөрүшкөн [6].

«Билимкана» жеке мектеби 160 орунга ылайыкталган. Бирок мамлекеттик мектептер билим жагынан жеке мектептерден кем калышпайт. Буга мисал катары, алыскы райондордогу окуучуларынын жогорку ОРТ баллдарды алышкандыктары далил болот. Кыргызстандагы жеке менчик мектептердин билим берүү программасы мамлекеттик стандарттарга ылайык түзүлөт. Бирок, алар кошумча программаларды камтышы мүмкүн. Ар беш жыл сайын жеке менчик мектептер жана алардын мугалимдери Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аккредитациядан өтүшөт. Жеке мектептердин санынын көбөйүшүнө караганда, аларга болгон суроо-талап жыл сайын өсүүдө. Алардын билимге болгон мамилеси өзгөчө, мугалимдердин балдарга болгон мамилеси дагы башкача.

Эл аралык кош тилдүү, окуу эки система боюнча жүргүзүлөт, EDISON менчик, заманбап ABC, Ке-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лечек MIT, **Газпром Кыргызстан** ж.б. мектептери балдар сапаттуу билим ала турган жана келечектеги жашоосуна даярдай турган билим берүү мекемелери десек болот.

Жалпысынан, Кыргызстанда 187 жеке менчик мектеп бар, алар, ата мекендик мектептерден айырмаланып жана өзгөчөлөнүп турат. Анткени, ал бүгүнкү замандын талабына жооп берген жаңы окуу имараттарга ээ, окутуучу-профессорлордун алган маяналары өтө жогору жана чыгармачыл иштөөгө бүтүндөй мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Окуучулар Батыш өлкөлөрдүн өнүккөн окутуу ыкмасы менен билим алышат.

Жеке мектептерде билим берүү министрлик тарабынан бекитилген программа боюнча жүргүзүлөт, татаал билим берүү программасы дагы колдонулат. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде сабактар 1-класстан башталат.

Жеке мектептердин көбөйүшү коомчулукка пайдалуу. Жарандар балдары үчүн сапаттуу билим берүүнү тандап алууга укуктуу. Жеке менчик мектептерде билим деңгээли дайыма жогору деп айта албайбыз [4, 78-б.].

Жеке мектептерде шарт бар, балдар аз, мугалим ар бир окуучудан сураганга мүмкүнчүлүгү бар. Мамлекеттик мектептерде бир класста 30-40 бала окуйт. Айрыкча орус тилдүү мектептерде балдар көп. Мындай учурларда мугалим ар бир балага убакыт бөлө албайт.

Шайкештиктин натыйжасында жекелик мектептик билим берүү мекемелери Кыргызстандагы билим берүү мейкиндигиндигин кеңейтүүгө өз салымдарын кошушууда десек болот.

Азыркы күндөгү мектептер түрдүү маданияттагы баалуулуктардын негизинде тарбия алган балдардын өкүлдөрү топтолгон. Баалуулуктарына ылайык билим берүү, инсандын калыптанышына оң таасирин тийгизген иш-аракеттерди жана моралдык жактан өнүгүүсүнө салым кошот.

Мектептик билим берүү системасы ар бир окуучунун инсандык сапаттарын өнүктүрүү жана окутуу чөйрөсүндө инсандын типологиясынын моделдерин өзгөртүп, жалпы адамзаттык, локалдык жана жеке билим берүүнү өнүктүрүшү абзел. Бул учурда, окуучулар өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн зарыл болгон маалыматты, сезимдерди, баалуулуктарды жана жүрүм-турумду өздөштүрүү керек [7, 270-б.].

Ошол эле учурда келечек муун бакубат коомдук жашоого салым кошуу үчүн кызматташуу, бөлүшүү жана айырмачылыктарга сабырдуулуктун баалуулуктарына ээ болушу маанилүү. Билим алып жаткан атуулдун баалуулуктарга болгон ишеними аң-сезиминде кеңири орун алышы зарыл. Анткени, баалуулуктар адамдын жашоосундагы иш-аракеттерин аныктоочу жана жетектөөчү руханий күч.

**Адабияттар:**


1. Курманали кызы М. Школьное образование в Кыргызской Республике: проблемы и пути их решения. / [Текст] / Курманали кызы М. // Наука и новые технологии, 2010. - №5. - С. 206-209.
2. Сапат: https://sapat.edu.kg/biz-zhonundo/
3. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамы. 2003-жылдын 30-апрелинде №92. - Бишкек, 2003. - 4-29-бб.
4. Эрмекова Н. Финансирование образовательных организаций КР: плюсы и минусы. - Бишкек, 2018. - С. 219.
5. Гид Kaktus. Частные школы Бишкека. https:// kaktus media/doc/338956 gid kaktus. chastnye_shkoly bishkeka.
6. Кыргызско-Японская частная школа комплекс Тенсай https://www.tensai.kg/
7. Атабекова Н.К., Сарманова Б.О. О некоторых организационно-правовых проблемах подготовки и аттестации научных кадров в Кыргызской Республике - М.: Образование и право, №12. - 2017. – №3 (Ч. 2). - С. 267-272.